БМ-13 № 120 Минбаева Гүлжамал Асанбаевна

МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН СӨГҮНГӨН АДАТТАРЫНА МУГАЛИМДИН МАМИЛЕСИ

Жакшы сөз жан эргитет,
Жаман сөз жан кейитет.
Макал

Жай... Жайдын ысык күнүндө Бишкек шаарына жумуштап барып калдым. Жумуштарым бүткөндөн кийин, кызым экөөбүз кечки салкында филармониянын маңдайындагы отургучка олтуруп, дем алууну чечтик. Кызым ары-бери жүгүрүп ойноп жүрдү. Улам жүгүрүп келип мени кучактап эркелеп калат. Мен болсо Манас атабыздын,белгилүү манасчы Саякбай атабыздын жана башка белгилүү адамдардын айкелдерин карап, элибиздин акылмандыгына, көрөгөчтүгүнө, намыскөйлүгүнө баа берип, ойлонуп олтурдум. Менин оюмду жанымда ойноп жаткан үч эркек баланын бирөөсүнүн сөгүнгөн сөзү бузду. Ал өзүнүн утулуп калганын кабыл алгысы келбей жатты. Кесибим башталгыч класстарынын мугалими болгондуктан, аларга байкоо жүргүзүүнү чечтим. Балдар дене түзүлүшүнө караганда 2-3- класстын окуучуларындай эле. Бойлуураак, ак жумал бала шак эле эки-жакты карады. Улуу кишилердин отургандарын көрүп, досун сөгүнбөй сүйлөөгө чакырды. Мен ыраазы болдум. Бирок жүрөгүмдүн түпкүрүндө :"Эмне үчүн бешиктен бери чыга элек балдар сөгүнүп сүйлөшөт? Сөгүнгөндү кимден жана кайдан үйрөнүшөт? Балдар мындай сөздөрдүн маанисин түшүнүшөбү?"- деген суроолор пайда болду.Бул суроолорго жооп табуу оңойго турган жок.

"Балапан уядан эмнени көрсө, ошону жасайт," –деген макалды эстедим. Эми менде: "Балким, ата-энелери үйдөн сөгүнүү сөздөрүн көп колдонушабы?" –деген суроо пайда болду. Өзүмдүн классымдагы окуучуларым, алардын ата- энелери көз алдыма элестеди.Менин билишимче, башталгыч класстын окуучулары жүрөгүндө кири жок, ак көңүл болушат. Алар үчүн ата-энелери эң мыкты, эң жакшы, эң акылдуу кишилер. Алардын кээ бир туура эмес иштери да, сөздөрү да бала үчүн туура болот. Айрыкча, эркек балдар атасына окшошкусу келишсе, кыздар апаларына окшошкусу келишет. Алардын жасаган иштерин туурашат. Ата-энелеринин кыйын, күчтүү, акчалуу болушун каалашат. Алардын сөздөрүн кайталап сүйлөшөт. Демек, сөгүнгөн сөздү бала үйдөн, биринчи кезекте ата- энеден, көп барып-келишкен туугандарынан үйрөнүшөт. Кээ бир аталар атайын эле сөгүнгөн сөздөрдү өздөрү үйрөтүшөт. Достору менен отурушканда : "Менин балам кыйын, чыныгы эркек! Кана, сөгүнүп койчу,"- деп өздөрү суранышат. Кичирээк мезгилинде бала тартынбастан сөгүнгөн сөздөрдү шатырата айтып берет. Себеби ал сөздөрдүн маанисин бала түшүнбөйт. Эгерде отургандар каткырып күлүшүп: "Чын эле эркек экен. Ой, сен кыйын турбайсыңбы!"- деген сыяктуу кубаттоо сөздөрүн айтышса, бала абдан таасирленет. Эгерде өз убагында түшүндүрүү иштери жүргүзүлбөсө, бара-бара адатка айлантат.Эми бала өзү теңдүү балдар менен ойноп жүргөндө да, бала бакчага барганда да сөгүнгөн сөздөрдү сүйлөй баштайт. Аны укkан башка балдар дагы үйрөнүп алып сүйлөй башташат.Ошентип, кичинекей балдардын арасында сөгүнгөн сөздөр жайылат. Сөз маданиятын билген, ыймандуулукту туу туткан үй-бүлөлөр гана баласынын балдар бакчасынан үйрөнүп келген сөзүнө маани беришет. Өздөрүнүн үй- бүлөлүк баалуулуктарынын негизинде туура сүйлөгөнгө үйрөтүп, тарбиялоого аракет

кылышат.Мындай аракет көп жылдык мээнетти талап кылат. Себеби бала балдар бакчасынан кийин мектеп босогосун аттайт. Мектепте алты жаштан он жети-он сегиз жашка чейинки ар кандай жаш курактагы балдар менен аралашат. Мектепке баруучу жолдо, коомдук транспортто чоң кишилер менен аралашат. Алардын жүрүм- туруму, сүйлөгөн сөздөрү балага таасирин тийгизбей койбойт. Кичирээк кезинде сөгүнгөн сөздөрдү колдонуунун себебин билбесе, эми биле баштайт. Улуулар болсо кээде жанында кимдер турганына маани бербей сүйлөшөт.Өздөрүнүн кыжырданууусун, нааразычылыгын сөгүнүү сөздөрү аркылуу билдиришет. Мындай көрүнүш эркектерде гана эмес, аял кишилерде да кездешет. Орусча, кыргызча ар кандай сөгүнүү сөздөрүн уялбай кыйкырып сүйлөгөн адамдарды көргөндө жакаңды карманып: “Коомубуз кайда баратат? Кийинки муунга кандай таасир калтырып жатабыз?” –деген ой пайда болот. Ушундай турмуштук көрүнүштөрдү өз көзү менен көргөн, өзү күбө болгон эркек балдар, кыздар кандай болот? Ошол бала, кыз өз турмушунда сөгүнүү сөздөрүн колдонбойт деп кепилдик бере алабызбы? Жок. Кепилдик бере албайбыз. Сөзүм куру болбос үчүн өзүм күбө болгон окуяны баяндап берейин.

Мындан төрт жыл мурун апрель айы ортолоп калган кез болчу.Мен 2-классты окутуп жаткам. Күндөгүдөй эле мектептин короосуна жакындап калганда балдардын топтошуп турушканын көрдүм. Жакындаганымда ушунчалык жинденип сөгүнүп жаткан баланын үнү угулду. Үн таанышстай сезилди.Мынчалык сөгүнүп сүйлөп жаткан баланы көрүш үчүн жетип бардым. Балдардын ортосунда менин эки окуучум жакалашып туруптур. Бирөө унчукпайт, экинчиси бакырып сөгүнүп атыптыр. Балдарды тынчтандырып, класска алып кирдим. Унчукпай жакалашып турган баланын атасы да, апасы да намаз окуган адамдар эле. Бала дагы атасы менен мечитке барып жүргөндүктөн, сөгүнө албай жөн гана жакалашып туруптур. Сөгүнүп жаткан баланын ата-энеси соодагер адамдар эле. Бул окуучум бош убактысында атасы менен көмүр сатышып жүрчү.Чоң кишилердин арасында көп жүрүп, алардын сүйлөгөн сөздөрү кулагына сиңип бүтүптүр. Окуучу менен маектешкенде ал өз оюндагысын айтып берди. Мен ошондо :”Атаң сенин көзүңчө сөгүнүп сүйлөйбү? Эмне себептен сөгүнгөн сөздөрдү айтат? Сен ошол сөгүнүү сөздөрүнүн маанисин түшүнөсүңбү?” - деген суроону бергем. Окуучум болсо, атасынын ачуусу келгенде сөгүнүп сүйлөп баштаарын айткан. Өзү болсо, азыркы учурда жини келсе, сөгүнгөн сөздөрдү кандайча айтып жибергенин өзү билбей каларын, айрым сөгүнгөн сөздөрдүн маанисин түшүнбөй тургандыгын мойнуна алган.

Мен болгону бир гана окуяны мисал кылдым. Мындай окуяларды айта берсе сан жеткис. Демек, башталгыч класстын окуучуларынын арасында сөгүнүү сөздөрүнүн жайылыш тамыры ушунда. Бул, албетте коомубуздагы көйгөй. Муну бара- бара өзү чечилип калат же убакыттын өтүшү менен жоголот деш туура эмес.Себеби жаш муундарды тарбиялоодо эң биринчи үй-бүлө, андан кийин коомчулук да негизги орунду ээлейт. Бир коомдо жашап жаткан адамдар жашына, жынысына карабай карым- катнашта, байланышта болушат. Ошонусу менен алардын бири-бирине таасири чоң. Айрыкча, улуулардын жүрүм-туруму, бири-бирине жасаган мамилеси, сүйлөгөн сөздөрү маанилүү. ”Кийинки көч мурунку көчкө карап түзөлөт,”- деген сөз эң туура айтылган. Ар бир улуу муундун өкүлү кийинки муунга үлгүбүз, алар бизге

карап түзөлөт. Эгерде мен баяндагандай окуя же кырдаал жаралып калса, мугалим сөзсүз көңүл буруусу маанилүү деп ойлойм. Окуучулар мугалиминин сөгүнгөн сөздөргө карата мамилесин байкашат. Эгерде мугалим маани берип, ошол кырдаалды туура талдап, балдарга таасир бере турган аңгемелешүү жүргүзө билсе эң жакшы. Ыймандуулук, адептүүлүк,сөз маданиятына байланыштуу темаларда маектешүү, тарбиялык сааттарды өтүү, ата-энелер мектебинде ушул сыяктуу темаларда талкуу жүргүзүү жакшы натыйжа берет экен. Айрыкча ушул темада иш- чара уюштурулса, сөзсүз түрдө сөгүнүү сөздөрүн колдонгон окуучуну жана ата-энелерди катыштыруу маанилүү.Өмүрү өрнөк боло турган залкарларыбыздын сөздөрүн тамга жазып коюп, күн сайын кайталатып, маанисин чечмелетип ойлонтуу да пайдалуу.

Мугалимби, президентби, ишкерби - баарыбыз пенде экенбиз. Жашоо бизди камырдай ийлеп, турмушка бышырат турбайбы. Башыбызга түрдүү сыноолорду берип, сындан өткөрөт экен. Ошондой учурда ички сезимдерге алдырбай сабырдуу болуп, залкар жазуучубуз Ч. Айтматовдун :"Адамга эң кыйыны -күн сайын адам болуу,-" деген сөзүн туу тутушубуз маанилүү экендигин түшүндүм. Айрымдарыбыз ички сезимдерибизди башкара албай, нааразычылыгыбызды, кыжырданууубузду сөгүнүү сөздөрүнөн чыгарат экенбиз.Ал сөздөрүбүз жаныбызда турган адамдарга кандай таасир берип жатканын сезбей калат экенбиз.

"Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет,"- деген макал да бекеринен айтылбаганына баа бердим. Сөз өнөрүн, чечендикти биринчи орунга коюп, балдарды насаат, насыят сөздөр менен тарбиялап келген ата-бабаларыбыздын акылмандыгына суктанам. Көз алдыма ак сакалын жайкалтып, башына ак калпагын кийген чоң аталар балдарды тегерете отургузуп, санжырадан айтып, жети атасынын тарыхын айтып отурганы, чоң энелердин кыздарын жанына алып уз, чебер болууга үйрөтүп, шырдак шырып отургандары элестей түшөт. Азыр эмне үчүн биз ата-бабаларыбыз аздектеп, сактап келген тилибизди көркүнө чыгара сүйлөп, улуттук тилибизди барктай албайбыз? Улуулар эмне үчүн кийинки муундарга нарк-насилибиз аркылуу тарбия бере албайбыз? Бизге эмне тоскоол болуп жатат? Коомчулук мына ушул маселе жөнүндө ойлоно турган мезгил келди. Ал үчүн ар бирибиз өзүбүздөн башташыбыз керек. И.Раззаковдун: "Мен таза болсом, сен таза болсоң, коом да таза болот,-" деген сөзүн ар бирибиз эстен чыгарбай, улуттук баалуулуктарыбызды, каада-салтыбызды, көркөм сөз өнөрүбүздү көтөрө турган мезгил келди.Улууларды урматтап, кичүүлөргө сый көрсөтөлү. Сыналгыдан тарбиялык мааниси бар көрсөтүүлөрдү берели. Уюлдук телефонду, интернетти илимий маалыматтарды алуучу окуу куралы катары пайдаланууга үйрөнөлү. Бош учурларда балдарыбыз менен китеп окууну көнүмүш адатка айландыралы деген сунуштарды айтар элем.Мен сүйлөгөн сөздөрү менен коомчулукка зор таасирин тийгизе алган адамдарды үлгү тутам. Мисалы, Сүйүнбек Касмамбетовдун сүйлөгөн сөздөрүн угуп отуруп, кыргыз болуп жаралганыма сыймыктанып кетем. Мугалимдер дагы балдарга зор таасир бере турган күчпүз. Айрыкча, башталгыч класстын окуучулары үчүн мугалим эң бир таза, эң бир адептүү, ыймандуу, баарын билген мыкты адам, башкача айтканда, күзгү. Ошондуктан өкмөт дагы мугалимге зор ишенич артып, балдарга билим, тарбия берүү ишин мугалимге тапшырып келет.Дилбаянымды аяктап жатып, өз кесиптештеримди элибиздин,

мамлекетибиздин ишеничин актап, келечек муундарга татыктуу билим, тарбия берүүгө үндөө менен бирге, ары түйшүктүү, ары сыймыктуу иштерине ийгилик каалайм.